**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин**
**100 жылдыгына арналган**
**"Глобалдык санариптештирүү шартындагы улуттук экономика"**
аталышындагы Эл аралык илимий-практикалык конференциясынын

## РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

2025-жылдын 3-июнунда **"Глобалдык санариптештирүү шартындагы улуттук экономика"** аталышындагы Эл аралык илимий-практикалык конференциясы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдыгына арналып өткөрүлүп жаткан иш чаралардын эң орчундууларынын бири болду.

Аталган Конференция өлкөбүздүн жалпы экономикалык абалына дүйнө жүзү боюнча актуалдуу болуп жаткан глобалдык санариптештирүү жана башка жаңы технологиялардын тийгизип жаткан таасирин ар тараптуу талкуулаш үчүн Университетибиздин төрт структурасы: А.А.Асанова атындагы менеджмент жана бизнес институту; Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети; Кыргыз-Европа факультети; География, экология жана туризм факультеттери биргелешип уюштурулду.

**Эл аралык конференциянын максаты:**

- Санариптештирүүнүн негизги тенденцияларын жана алардын экономикага тийгизген таасирин талкуулоо, тажрыйба алмашуу жана глобалдык өзгөрүүлөрдүн шартында улуттук экономиканы өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.
- Улуттук экономикалык стратегияларга санариптик технологияларды интеграциялоо жолдорун изилдөө.
- Санариптик экономиканын контекстинде жөнгө салуу жана саясатка жаңы ыкмаларды карап чыгуу.

Конференцияны Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ректору, география илимдеринин доктору, профессор **Чонтоев Догдурбек Токтосартович ачып,** Кыргыз улуттук университетибиздин Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымы жөнүндө коомчулукка баса белгиледи.

100 жыл ичинде Кыргыз улуттук университетинин бүтүрүүчүлөрү өлкөбүздүн дээрлик баардык тармактарында: Улуттук экономиканы, бизнести, айыл-чарбаны, жаратылыш ресурстарын, тышкы соода жана эл аралык экономикалык мамилелерди башкаруучу мамлекеттик органдарда, мамлекеттик жана муниципалдык органдарда, эл аралык жана улуттук рыноктогу ири бизнес-компанияларында жоопту кызматтарда иштеп келе жаткан белгиленди. Алардын арасында КРнын Экономика жана коммерция, Каржы министрлери жана алардын орун басарлары, область губернаторлору, шаар мэрлери, "Шоро", "Куликовский дом", "Абдыш ата", "Дордой Ассоциациясы" ж.б.у.с. ири бизнес ишканаларын түптөгөндөр бар деп сыймыктануу менен айтылды.

КУУ 100 жылдыгы жөнүндө кыскача маалымат берилип, видео-тасма көрсөтүлдү.

Эл аралык конференцияга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын, алдыңкы жогорку окуу жайларынын жана чет өлкөлүк өнөктөш илимий изилдөө мекемелеринин жана жождорунун: **Франциянын** Пуатье Университетинен (Пуатье); **Индиянын** Патанжали Университетинен (Харидвар); **Россия Федерациясынын:** Урал федералдык университетинен (Екатеринбург),, Россия эл достугу университетинен (Москва); Санкт-Петербург мамлекеттик экономикалык университетинен (Санкт-Петербург); Россия Президентинин алдындагы Эл чарба жана мамлекеттик башкаруу академиясынан (Москва); Эл аралык экономикалык байланыштар институтунан (Москва); Н. П. Огарёв ат. Улуттук изилдөө Мордовия мамлекеттик университетинен (Саранск); **Казахстан Республикасынын**:

Казакстан Инновация жана телекоммуникациялык системалар университетинен (Урал); Л.Н. Гумилев ат. Евразия улуттук университетинен (Астана); Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети (Алматы); **70тен ашык илимий макалалары** келип түштү.

**Конференциянын Пленардык жыйынынын** катышуучулары менен Алексей Константинович Клюев, Б.Н.Ельцин ат. Урал федералдык университетинин Экономика жана башкаруу институтунун Башкаруу жана ишкердик мектебинин директору, (Екатеринбург, Россия Федерациясы), Айтимов Дамир Аксерикович, Казакстан инновациялык жана телекоммуникациялык системалар университетинин вице-президенти, Шаардык маслихаттын 7 чакырылышынын депутаты (Уральск, Казакстан Республикасы) учурашып, андан соң КУУнун жамаатын 100 жылдык мааракеси менен куттукташты.

Конференцияга катталган илимий макалалардын тематикалары эң актуалдуу маселелерди камтыды. конференциянын жүрүшүндө окумуштуулар бири-бири менен жаңы көз караштарды алмашып, Өлкөбүздүн экономикасын өнүктүрүүгө орчундуу сушуштар айтылды.

**Бактиярова Назима Бактияровна**, КР Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигинин Санарип саясатты өнүктүрүү бөлүмүнүн башкы адиси "Глобалдык санариптештирүү шартында Кыргыз Республикасынын экономикасы" темасында баяндамасында санариптештирүүнүн Кыргызстанга тийгизген таасирин, б.а. Инвестицияларды тартууга, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, өндүрүштүк чыгымдарды азайтууга, бизнеске тийгизген таасирин жана экономикалык эффекти жөнүндө айтты.

**Певная Мария Владимировна**, социология илимдеринин доктору. Б.Н.Ельцин ат. Урал федералдык университетинин Социология жана социалдык башкаруунун технологиялары кафедрасынын башчысы (Екатеринбург, Россия Федерациясы) "Санариптик коомдо долбоордук окутуусунда стейкхолдерлердин маанилүү ролу" темасында баяндама кылды.

**Жагыпарова Аида Орынтаевна**, экономика илимдеринин кандидаты, профессор. Л.Н.Гумилев ат. Евразия улуттук университетинин Экономика факультетинин деканы (Астана, Казакстан Республикасы) "Финансылык технологиялар жана санариптештирүү: улуттук экономиканын көйгөйлөрү жана келечеги" темасында онлайн баяндамасында мезгилдин Инфраструктуралык ажырым, Финансылык сабатсыздык, Кибер тобокелдиктер, Укуктук тоскоолдуктар сыяктуу чакырыктарын баса белгиледи. Казахстандагы санариптештирүү процессинин жаңылыктарын кабарлады.

**Шербекова Анарбубу Аманкуловна**, экономика илимдеринин доктору, профессор. И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети. Бишкек, Кыргыз Республикасы. Баяндаманын темасы: "Кыргыз Республикасынын экономикалык өсүш феномени анын өнүгүүсүнүн азыркы шарттарында."

Конференциянын иши төмөнкү 4 тематикалык секцияларда улантылды:

1-секция. "Бизнестеги инновация жана туруктуулук: менеджмент, маркетинг логистика жана сапат менеджментинин интеграциясы атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн фактору катары." А.А.Асанова атындагы Менеджмент жана бизнес институту. Модератор: Исмаилова Н.Р. – Логистика программасынын жетекчиси, э.и.к., доц. Техникалык катчы: Сатылганова Э.Ш. э.и.к., доц. Секцияга 29 илимий макала катталган.

2-секция. "Базар экономикалык мамилелерди түзүүнүн шартында мамлекеттик жана муниципалдык башкарууну модернизациялоо." Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу

факультети. Модератор: И.И. Искаков, э.и.д., проф. Техникалык катчы: Сатыбалдиева А.К., тарых илимдеринин кандидаты, доц. Секцияга 10 илимий макала катталган.

3-секция. “Улуттук экономикалык кайра түзүүлөрдүн шартында географиялык аспектилер.” География, экология жана туризм факультети. Модератор: Топбаев О.А. – PhD, доцент, деканынын о.б. Техсекретарь: Осмоналиева Ч.Ч., ага ок. Секцияга 10 илимий макала катталган.

4-секция. “Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүнүн жаңы механизмдери.” Кыргыз-Европа факультети. Жетекчиси – э.и.к., профессор Камалова А.К. Модератор – с.и.к., доцент, декандын илим боюнча орун басары Дубова Ю.С. Секцияга 14 илимий макала катталган.

Тематикалык секциялардагы докладдар ар кандай актуалдуу маселерди талкуулашты. Санариптештирүүнүн жана башка нновациялык технологиялардын жайылтылышынын бизнестеги, улуттук экономикадагы жана мамлекеттик (муниципалдык) башкаруудагы, жаратылыш ресурстарды эффективдүү башкаруудагы көйгөйлөрү жана перспективалары талкууланды.

Конференциянын ишин жыйынтыктап, резолюция кабыл алынды. Глобалдык санариптештирүү шарттарында Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн төмөнкүдөй сунуштар аныкталды.

**Сунуштар:**

**КР Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине жана башка тиешелүү мамлекеттик органдарга:**

1. Муниципалдык органдардын ишин жакшыртууда нейросеть, жасалма интеллект, дронопорт, видеокөзөмөл сыяктуу алдынкы технологияларды өздөштүрүү сунушталат;
2. Кыргызстанды "инновациялардын региондук хабы"катары эл аралык позициялоонун максатына жетүү үчүн Бишкек жана Ош шаарларында инновациялык хабдарды куруу жана ишке киргизүү
3. Маалыматтарды жана инфраструктураны коргоо аркылуу технологияларга ишенимди бекемдөө максатында интеллектуалдык менчик жана технологиялык трансфер, жасалма интеллект боюнча мыйзамдарды реформалоону жүргүзүүгө, ошондой эле киберкоопсуздукту колдоону камсыздоого;
4. Аймактар ортосунда коммуникацияларды күчөтүү үчүн, алдынкы технологиялрды мезгил-мезгили менен өздөштүрүү үчүн жана практикалык тажрыйбалар менен алмашып туруу үчүн бирдиктүү санариптик платформа түзүү сунушталат;
5. Мамлекеттик органдарда жасалма интеллектти колдонууну жайылтуу;
6. Мамлекеттик бийлик органдарына санариптик инфраструктураны өнүктүрүү;
7. Керек санариптик технологиялар чөйрөсүндө инновацияларды өбөлгөлөө менен улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун, ошондой эле эркиндик менен зарыл жөнгө салуунун ортосундагы тең салмактуулукту сактоонун ортосундагы тең салмактуу мамилени издөөнүн артыкчылыгын таануу;
8. Административдик тоскоолдуктарды кыскартуу – стартаптарды каттоону жөнөкөйлөтүү, лицензияларды жана уруксаттарды алуу, ошондой эле стартаптар университеттер, бизнес жана инвесторлор менен кызматташа ала турган борборлорду өнүктүрүү, краудфандинг платформалары ж.б.

**КРнын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министирлигине:**

9. Калктын, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын санариптик технологияларды массалык пайдалануусуна багытталган окутуу программаларын иштеп чыгуу жана киргизүү.

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине:**

10. Заманбап билим берүү системасы санариптик трансформациянын реалдуулугун эске алып, классикалык башкаруу жөндөмүнө гана эмес, санариптик компетенцияга ээ болгон адистерди даярдоо сунушталат;
11. Инновация менен коопсуздуктун, эркиндик менен жөнгө салуунун ортосундагы тең салмактуулукту табуу маанилүү экендиги сунушталды.
12. Жогорку окуу жайларга жергиликтүү калкты, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди масштабдуу түрдө санариптик технологияларды колдонууга үйрөтүү жана окутуу;
13. Компетенттүү IT адистерин тартуу жана окутуу;
14. Заманбап компьютерлерди сатып алууну камсыз кылуу, инфраструктуралык долбоорлорду илгерилетүү;
15. Акыркы мезгилде университетте киберчабуулдар көбөйүп кеткенине байланыштуу киберкоопсуздук системасын иштеп чыгуу
16. Билим берүү программаларын кеңейтүү жана санариптик трансформацияга стейкхолдер тараптарды окутууну өнүктүрүү.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун
биринчи проректору –окуу иштери боюнча проректору,
Оргкомитеттин төрагасы А.Б.Шамшиев

А.А.Асанова атындагы менеджмент
жана бизнес институтунун директору,
оргкомитеттин төрагасынын орун басары,
конференциянын модератор М.К.Керимкулова

3.06.2025